**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасына Алимбек Мамбетович Курманбаевдин даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2021-жылдын 21-январы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу К.А. Дуйшеев, судьялар М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ж.И. Саалаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда, "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, А.М. Курманбаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана А.М. Курманбаевдин өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2020-жылдын 13-ноябрында А.М. Курманбаевдин "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 4-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына жана 3-бөлүгүнө, 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыз берүүчүнүн пикиринде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин бешинчи жана алтынчы чакырылышында саясий партияларга мүчө болбогон же саясий партиялар тарабынан тандалып алынбаган бир да жаран депутаттык мандатка ээ болгон эмес. Ошондой эле, 2020-жылы өткөн Жогорку Кеңештин жетинчи чакырылышына болгон шайлоодо да саясий партияга мүчө эмес же саясий партиялар тарабынан көрсөтүлбөгөн бир да жаран депутаттыкка талапкер боло алган эмес.

Кайрылуу субъектисинин айтымында, жогоруда баяндалган учурларда шайлоочулар түз шайлоо укугунан ажырап, мыйзам боюнча талапкер деп эсептелинбеген саясий партияларды аргасыздан шайлашат. Мындай абал Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүнүн одоно бузулушуна шарт түзөт.

А.М. Курманбаев талашылып жаткан ченем саясий партияга мүчө болбогон же саясий партиялар тарабынан депутаттыкка талапкер катары тандалып алынбаган жарандардын шайланууга болгон конституциялык укугун жокко чыгарган, тактап айтканда саясий партияга мүчө жана саясий партиянын тизмесинде талапкер катары болууну каалабай, өз алдынча депутаттыкка талапкер болууну каалаган жарандарды бюллетенге киргизүүгө жол бербейт деп эсептеген.

Мындан тышкары, өтүнүчтүн автору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес, демек, талашылып жаткан ченем саясий партияга мүчө эмес же мүчө болгусу келбеген жарандарды кодулайт деп белгилеген.

Кайрылуу субъектисинин пикиринде, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер болуу үчүн азыркы мыйзамдык жагдай саясий партияга мүчө эмес же мүчө болгусу келбеген жарандарды саясий партияларга көз каранды абалга коет. Демек, жарандар саясий партия тарабынан талапкер катары көрсөтүлүшү үчүн, алар саясий партиянын фондусуна сөзсүз ири суммадагы акчаны төгүүсү зарыл же саясий партиянын өз кызыкчылыгынан келип чыккан кандайдыр бир жагдайларга байланыштуу тандалып алынуусу гана мүмкүн.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, А.М. Курманбаев "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 4-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 2-бөлүгүнүн биринчи абзацына жана 3-бөлүгүнө, 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктун жетекчиликке алып, 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасы менен

төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени кайрылууда коюлган маселелер конституциялык сот өндүрүшүндө кароого туура келе тургандыгына жана кайрылуунун “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө жараша чечет.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуулугу Конституциялык палата тарабынан мурда текшерилсе жана анын өз күчүн сактаган актысы бар болсо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченем мурда Конституциялык палатанын кароо предмети болгонун жана анын жыйынтыгында 2019-жылдын 4-сентябрындагы Чечими менен "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүнө, 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи жана үчүнчү абзацына карама-каршы келбейт деп таанылганын белгилеген.

А.М. Курманбаев судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасы менен макул болбостон, 2020-жылдын 21-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Кайрылуу субъектиси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасынан өзүнүн мурдагы өтүнүчүндө келтирген

суроолоруна так жооп ала албаганын, тактап айтканда талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына карама-каршы келбээрине эч кандай жүйө келтирилбегенин белгилейт.

Даттануунун калган бөлүгүндө мурда кайрылууда келтирилген жүйөлөр кайталанып көрсөтүлгөн.

Жогоруда баяндалгандын негизинде А.М. Курманбаев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасын жокко чыгарууну жана өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Талашылып жаткан ченем мурда конституциялык өндүрүштүн предмети катары каралып, бул маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2019-жылдын 4-сентябрында Чечим чыгарган. Бул чечим азыр өз күчүндө. Чечимди кабыл алууда Конституциялык палата кайрылуучу тараптын талашылып жаткан ченем боюнча койгон жүйөлөрүн ар тараптан изилдеп, суроолор келип чыккан жагдайлар боюнча кеңири негиздеме келтирген. Андыктан даттануудагы талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына карама-каршы келбээрине эч кандай жүйө келтирилбеген деген пикир чындыкка туура келбейт.

Демек, судьялар коллегиясынын А.М. Курманбаевдин койгон маселенин конституциялуулугу мурда Конституциялык палата тарабынан текшерилип, анын өз күчүн сактаган актысы бар деген тыянагы жүйөлүү. "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин

конституциялуулугу Конституциялык палата тарабынан мурда текшерилсе жана анын өз күчүн сактаган актысы бар болсо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы, судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Алимбек Мамбетович Курманбаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын "Алимбек Мамбетович Курманбаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө" 2020-жылдын 9-декабрындагы №38 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу кана иаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**